# БҮТКҮЛ ДҮЙНӨНҮН КАЛАЙЫК КАЛКЫНА, МАМЛЕКЕТТЕРИ МЕНЕН УЛУТ-УРУКТАРЫНА ЫЙЫК-ШАЙЫК ПАЙГАМБАРЛАРДЫН КУДАЙЫНАН ӨЛӨ ЖАМАН (СУУК), ӨЛӨ ЖАКШЫ КАБАР

**же аткан ок менен житкен ок[1] жана Шайтан менен анын шайтаани кишилери кандайча «бүттү» болот**

1890-жыл.

## ЭПИГРАФ

«Чыгыштан келет, Түндүктөн ойготом, ал ***бүткүл дүйнөнүн калайык калкына*** МЕНИН АТЫМЫ жана Жалпыадамзаты Акыйкатын жарыя кылат: МЕН келгенде ***баарын*** (бирин койбой), кырып, кызыл кереге кылып, чаап салбас үчүн[2].

Ким, Бүткүл дүйнөлүк биртууган, боордош бир динден башка бөлаакы-салаакы диндерге бөлүп-жаруу үчүн жана ошондой эле Асмандан Түшкөн Китептеги[3] МЕНИН буйруктарымды аткартпас үчүн болгон укмуштай улуу кысымчылыктарга жана тозоку кыйтыр айла-амалга туруштук кылса (каршы турса), МЕН ал кишиге КУДАЙ болом, ал МАГА уул болот, жана ӨЗҮМ менен кошо МЕНИН[4] падыша тагыма отургузам» - дейт Ыйык-Шайык Пайгамбарлардын КУДАЙЫ ЕГОВА[5].

---

1) Түбүң түшкүр (кыргызча айтканда) Шайтандын түбү жок, кыйтыр илиминдеги эң орчундуу сырларын житкен окту, аткан ок тапкандай табуу, ачуу деген мааниде. Асмандан Түшкөн Китеп: 2-24; 13-8.
2) Ис. 41-25, 26; 42-6...1; Мал. 4-5, 6;
3) б.а. «Апокалипсистеги».
4) Асмандан Түшкөн Китеп: 21-6, 7; 3-21;
5) Ааламга күбөлүк-түбөлүк-керемет жана адамды ***өлүмдөн сактаган*** АНЫН БУЛ ЫСМЫ биринчи жолу Муса Пайгамбарга (Моисей) гана ачылган-айтылган: 2М-6-2, 3; 15-3; ОС. 12-6; ИОИЛ. 3-5;

I.

**ИУДЕЙ:**

-Эң анык -акыйкат дин - биздин Иудейлердин гана дини[1].

**БҮТКҮЛДҮЙНӨГӨ ЖАРЫК (НУР):**

-Мүмкүн, силердикин анык-акыйкат дин десе жарашат, эмне дегенде, Иудейлер ЕГОВАГА каршы болуп эле келатышат, болуп эле келатышат, Египеттен чыккан түндөн баштап, ушул күнгө чейин АНЫН аларга жиберген пайгамбарларын[2] (элчилерин) өлтүрүп эле келатышат, өлтүрүп эле келатышат, ал эмес, ЕГОВАНЫН ӨЗҮН[3] да, 4000 жылдын жүрүшүндө көптөгөн тозоку-адамгерчиликсиз секталарга[4] бөлүнүп-чачылышты, жана өлүп баратсаңар да Шайтандан (Сатана) калгыңар, ЕГОВАГА кайтып баргыңар жок, келгиңер жок, илгери эле Христос туулганга (до Р.Х.) дагы 700 жыл калганда АГА кайтып келишкен, анан аларды ЕГОВА шайтаани окуулардан (талмудов сатанинских), жана христианчылык-мылыктан тышкары алыс болсун үчүн Арсаретке жашырып, катып койгон силердин калган 10 тукумуңарга (урууңар) же израилдиктерге окшоп, кайтып келе турган кейпиңер жок. См. 3(4) Ездр. 13-40...48; Зах. 1-3; Ис. 65-2; 6-9; 10; 48-4; 65-6; Иез. 2-2...6; 3-26, 27; Асмандан Түшкөн Китеп; 2-9; 3-9; Мат. 23-33; 3-7;

II.

**ХРИСТИАНИН:**

-Бир гана Христиан динин[5] анык-акыйкат дин десек болот.

**БҮТКҮЛДҮЙНӨГӨ ЖАРЫК (НУР):**

-Мүмкүн, десе болот, эмне дегенде, балык башынан

---

1) 10дун ичинен кайсынысы?

2)Так айтканда, Ыйык-Шайык Пайгамбарлардын бирин койбой баарын. Мат. 23-31...38.

3) «Ачылган Сыр» («Открытие Тайн») деген китептеги IV сырды тап, оку жана Зах. 12-9...14. «Еврейлер качан ***найза менен кадалган*** (пронзенного) МЕНИ көрүшкөндө, илгери Мегеддей өрөөнүндөгү Гадад-Римондо кандай аза тутушса, ар бир уруусунда өз-өзүнчө, так ошондой аза тутушат».

4) Чындык (истина) бир, а жалган миң. Же туура эмеспи?

5) 666-нын ичинен кайсынысы?

сасыйт, Христиан дини башталганда эле Апостолдордун[1] ич-ара ырк келишпестигинен (ыйкы-тыйкысынан) башталган жана ошол жеңил ой апостолдордун кесепетинен (с легкой руки апостолов) христиандар ар башка, ар кошкон, бири-бирине тозооку-карама-каршы секталарга бөлүнүшүп (алардын саны азыр 666), анан бири экинчиси менен нукушуп, чукушуп, укмуштай адамчылыгы жок кылмыштар менен бири-бирин куугунтуктоо башталганы, 1860 жылдын жүрүшүндө миллион-миллион христиандарды христиандар (өздөрүн өздөрү) тирүүлөй отко өрттөп, кырып-кыйнап өлтүргөнү баарыбызга (биздерге да, сиздерге да) маалым, көзүнөр көрүп, азыр дале ошол. А ушундан улам эң оңой (жөнөкөй) жыйынтыкка келсеңиз болот, силер, христианчылык менен иудейчиликтин анык-акыйкат дин экендигин далилдеген (айкындаган) эң зор белгиси катары, христиан жана иудей секталарынын ***дээрлик баардыгы*** ЕГОВАГА же Исус Христоско тикесинен тик туруп каршы болгонун эсептейсиңер жана өлүп баратсаңар да (таптакыр) АНЫН Асмандан Түшкөн Китебиндеги буйруктарын аткарбагандары мындай турсун, Китептеги: 1-1, 3; 22-6, 7,9, 17; 21-8, 27; 22-11, 15; жана Мат. 25-31...46 - АЛАРГА түздөн-түз айтылган сөздөрүнө ишенишпейт, ушул себептен силер анан ***көрбөйсүңөр***[2] ушундай беш кошкон жана макоопес, тозооку христиандар менен адамгерчиликсиз, иудейлердин жардамы менен Шайтан (Сатана) азыр ***бүт адамзатын пок кылды да жок кылды*** (превратил и все человечества в погибельное мракобесия).

Асмандан Түшкөн Китеп: 12-12; 13-8, 11...15; 17-2...6; 18-3, 23,24; 19-2; 2 Тим. 3-1...13; Ис. 60-2,3; Иуд. 1-19; Мат. 6-24; Рим. 8-8, 5.

---

1) Гал. 2-11...14; Деян. 21-20...26; 11-3; жана көптөгөн христиандар Ап.Павел менен ажырашып Ап.Иоан менен анын окуучусу Поликарпты ээрчип кетишкен, анан ушул ажыраштын кесепетинен субботниктердин сектасы пайда болгон; анан бул суббота менен пасханы иудейлердей майрамдаган христиандарды папа Виктор, Ап. Иоан менен Поликарпка кошулуп (үчөөлөп) каргашкан, а мындан тышкары Ап.Петр ЕГОВАНЫН буйругун бузуп, тилуурудинууруларга (язычникам) барып, алардын оокатын ичип, өзүн булгаган. Мат. 10-5; 15-24; 1-21; 3М. 11-44, 45; Деян. 11-3; жана дагы ар кандай шылтоолор менен ЕГОВАНЫН Синай законун бузушкан (бул айтылгандарга карама-каршы): Мат. 5-17, 18; Лук. 16-17;

2) Асмандан Түшкөн Китеп; 3-17, 18; Ис. 6-9, 10; 48-4;

### III.

**ИУДЕЙ МЕНЕН ХРИСТИАНИН:**

-А ЕГОВА буга эмне дейт?

**БҮТКҮЛДҮЙНӨГӨ ЖАРЫК (НУР):**

-Мындай дейт: «Эми Мен ***баарын*** жаңы жасайм, тагыраак айтканда: Иудейлер менен Христиандарды МЕНИН[1] жеткен карамүртөз душмандарым катары, жер менен жексен кылам (каргыш кылам)[2], жана алардын ордуна өзүмө ***жаңы адамдарды*** (новых рабов) чогултам жана аларга ***жаңы ат коем;*** Еговисттер деп атайм, Шайтанды болсо терең орого (зынданга) салып, чынжырлап, чынжырга чычырам[3]), а МАГА каршылык кылган шайтаанилерди (сатанистов) жана ***бүт жалгандын оту менен кирип, күлү менен чыккандарды*** (всех любящих и исполняющих лож)[4] кызыл кереге кылам (чаап жок кылам)[5], (истреблю страшными казнями), бул жер планетасына ***жаңы түр*** берем[6] (жаңылайм), тынч, бейпил турмуш орнотом да ӨЗҮМДҮН жаңы кишилерим (момундарым, кулдарым) менен 1000 жылга падышачылык кылам. Асмандан Түшкөн Китеп: 20-4; 5-9, 10; жана ошондой эле «Өлбөс өмүргө чакырык-кыйкырык» деген китепчедеги: I-II-III бөлүмдөрүн оку, кара, тап.

### IV.

**ИУДЕЙ МЕНЕН ХРИСТИАНИН:**

-Биз анда кандай динди кабыл алышыбыз керек азыркы тамамда, бул көзүнө көрүнүп калган (ажалы) дүйнөнүн азгырык-ызгырыктуу (катаал) сыноо жылында (мезгилинде) же б.а. бул бүткүл дүйнөлүк Шайтаани каргашалуу кара түндө (в это время всемирного мракобесия)? Асмандан Түшкөн Китеп: 3-10, 11; 2Тим. 3-1...13;

---

1) Наум. 1-2;
2) Ис. 65-15, 17; 62-2; Мат. 25-41; К.С. 21-8; 22-15; 3-16.
3) (в А...iu) Асмандан Түшкөн Китеп 20-2,3;
4) Асмандан Түшкөн Китеп 22-15; 21-8; 2-9; 3-9;
5) Ошондой эле асмандан отжамгыр түшөт. Иез. 39-6. Асмандан Түшкөн Китеп. 18-8; 17-16; 11-18; 2-22, 23; 19-20,21; 16-9...11; 14-10.
6) Жер титирөөнүн жардамы менен Америка океанга чөгөт (гүмжам болот); жана...

**БҮТКҮЛДҮЙНӨГӨ ЖАРЫК (НУР):**

-Ай, ай! Жер жүзүнүн бүт уруктары, кандай улуу (катуу) тундуңар, КУДАЙДЫН ушул ачык-айкын айткан сөздөрүнөн кийин да укканыңар жок, көргөнүңөр жок (көзүңөр көр, кулагыңар кер), азыр адамга ***эч кандай, (эч бир) диндин пайдасы жок (бесполезна)!***

**ИУДЕЙ МЕНЕН ХРИСТИАНИН:**

-Анда адамга эмне пайдалуу?

**БҮТКҮЛДҮЙНӨГӨ ЖАРЫК (НУР):**

-Өлбөсөмүр (Бессмертие): эмне дегенде, мынабу айтайын десең сөз жетпеген, карайын десең ***көз жетпеген ааламдагы*** (в бесконечном пространстве), ***санайын десең сан жетпеген*** күндөр менен планеталар жана кометаларда да өлбөсөмүрдөн артык-асыл эч нерсе жок.

**ИУДЕЙ МЕНЕН ХРИСТИАНИН:**

-Туура, сөз жок! Анан биз канткенде өлбөс адам боло алабыз?

**БҮТДҮЙНӨГӨ ЖАРЫК (НУР):**

-Мына, «Бардык адамдарды өлбөсөмүргө чакырган чакырык-кыйкырык» деген КУДАЙДЫН Китепчесин окугула.

**ИУДЕЙ МЕНЕН ХРИСТИАНИН:**

Экөө чын жүрөктөн: «Рахмат сизге, Бүткүлдүйнөгө Кудайдын жиберген Жарыгы (Нуру), биздин көзүбүздү ачканыңызга!» дешип бутуна жыгылышты.

**БҮТКҮЛДҮЙНӨГӨ ЖАРЫК (НУР):**

-Адамзааты туугандар! Мунуңар жарашпайт, өөдө болгула! Көрбөй турасыңарбы, мен деле силердей бир пенде экендигимди?.. Өлбөсөмүргө ***жакындаганыңар үчүн*** Өлбөсөмүрдүн Кудайы ЕГОВАНЫН ӨЗҮНӨ же Йсус Христоско рахмат айткыла, бутуна жыгылгыла, а мага эмес!

## V.
## ӨЗҮНҮН ЭҢ ЧОҢ ДУШМАНЫНА ЕГОВАНЫН БУЙРУГУ ЖЕ ФРАНКФУРТ ШААРЫНДА ЖАШАГАН (Германия) БҮТКҮЛИУДЕЙЛЕРДИН РАББИНИ РОТШИЛЬДКЕ.

Өтү дагы, жөтү дагы бриллиант (осыпаный бриллиантами), түбү жок Шайтаани (илиминин)[1] тозооку-

1) Асмандан Түшкөн Китеп. 2-24, 9; 3-9.

кыйтыр талмудчулу, бирөө дагы өлбөсөмүрлүү болбосун деп, өлүмдү ойлоп чыгарган илимпоздун 4000 миң жылдык талмуду менен еврейлерди өлүмгө байлаган[1]; Ыйык-Шайык Пайгамбарлардын Кудайы[2], иудейлердин колунан өлгөн, ЕГОВА мен аркылуу сага мындай буйрук кылат, колуңа ал, АНЫН бул Улуу Кабарын бүткүл тилдерге[3] которуу маселесин, анан жөнөт, төгөрөктүн төрт бурчунда жашаган чоң шаарлардагы иудейлерге, ЕГОВАНЫН буйругун кошо билдир; сүйүнүшсүн алар колу асманга жеткендей, ***жанын-канын аябай***, коркпой, таратышсын бул улуу жакшы Кабарды бүткүл христиандарга жана аларга окшоп, Шайтанга да, Кудайга да[4] кызмат кылышкандарга, эмне дегенде, жаамы журтка өлүмдөн кутулуу (спасение всем) иудейлер[5] аркылуу жүрөт (болот). Ошондой эле сенин эсинде болсун, эгерде сен, ЕГОВА менен Шайтандын бул акыркы күрөшүндө ЕГОВАНЫН ушул буйругун аткарсаң, АЛ сени өлбөсөмүрлүү гана эмес, балбылдаган, нур чачкан асман жылдызындай[6] кылат; эгерде, Шайтандын артын жаласаң, өлдүң, түбөлүктөн-түбөлүккө каргышка калдың дей бер, дафан-ов, авирон-ов, саул-ов, давыд-ов, ахав-ов, ирод-овчулар сыяктуу жана Ыйык-Шайык Пайгамбарлар менен апостолдорду куугунтуктагандар сыяктуу, же, Кудайга да, Шайтанга да (Богу и Гогу)[7] жагынгандар сыяктуу.

## VI.

УРА, АЛЛИЛУИЯ!

САГА, ТҮБӨЛҮКӨЛБӨС АДАМ ЕГОВА, өлгөндү тирилткен (жан салган), СЕНИН мындай шайтаани диндерди ташын талкан кылганың үчүн, Кудайга да, Шайтанга да жагынышкан: мылтык (пушка), штык менен, созолонгон-озолонгон ширин обондору менен, эскимоода,

---

1) Ис. 28-15; 59-3;
2) Асмандан Түшкөн Китеп 22-6. Иер. 7-25.
3) Же, болбоду дегенде 143 тилге.
4) Себеп дегенде, ар кошкон диндин кайсынысын алба, баарынын негизи-эгизи бир: КУДАЙГА да жагынышат, Шайтанга да жагынышат.
5) Иоан. 4-22; Ис. 56-6,7;
6) Дан. 12-3;
7) Мат. 6-24; Рим. 8-8,5;

жаңымоода, ырым-жырымдары жана бажоо кийимдери менен, СЕНИН бир туугандык жана сүйүү жөнүндөгү осуятынды бузушканы менен, баш көздүк жана ач көздүк менен (духовным и брюховным вельможеством), же б.а. эзүүчүлүк, өлө үстөмдүк жана байлык-бийлик менен, ар кандай жаннатка (бейишке)[1] жанды айдап киргизмей бир сомдук, миң сомдук ырым-жырым оюндары (панихида), индулгенциялары[2] менен, аза-газа туткандары, жылбай биржерде отургандары жана чалкасынан же оңкосунан ташка (катуу жерге) жаткандары, жадыбалдай жаттаган намаздарын[3] эрикпей-зерикпей жалдырашып-балдырашканы, мечит-мектептерди жана жалапканаларды кургандыгы, курмандыкка төө сойгонду, сайрандаганды-майрамдаганды жана орозо тутканды жакшы көргөндүгү жана алар буякта турсун, такта менен өлүккө (доскопоклонством и здохломольством)[4] жыгылып (сыйынып), жана алтын аяктан котонжаранын (сифилиса) суусун ууртаганы да менен! Асмандан Түшкөн Китеп: 17-4.

## VII.

Уктуңарбы, бардык падышалар (президенттер), улуу төрөлөр (вельможи), байлар, 3-Римдин ата-папалары, патриархтар, далайламалар, брам-шрамдар (брамы), Шейх-ул-исламилер, сыйкырчы раббиндер, жана караимдин, Ерусалимдин, оңсловный жана солсловныйлардын, (православный и левославный), протестанттар менен сбокустанттардын, дониконииандар менен дубинопетроровскийлердин, окружныйлар менен противоокружныйлардын, коренныйлыктар менен пристяжниктердин, мормондор менен молокандардын, штундиттер менен духоборлордун, подрезанныйлар менен отрезанныйлыктардын - атактуу, улуу динбилермандары?

Жок, эч балээни уккан жоксуңар жана укпайсыңар, эмне дегенде, кулакты пахта менен тыккандай Шайтан (Сатана) ***өзүнүн*** ар кандай анык-акыйкат диндери, патриоттук

1) Атканага ат айдагандай, бейишке жан айдаган...
2) Шермендечиликти жана мыкаачылыкты энесин кечиргендей кечирген.
3) Мисалы: 40тан кырк жолу «Кудай өзүң кечир!» деп кобуроо.
4) Асмандан Түшкөн Китеп 9-20, 21;

(улуттун ыйманын, сыймыгын коргогон), жана пушка-мушка же көртирикчиликтин закондору (Конституциялары) жана чочогуңардын кайгысы (похотью смертной плоти) менен кулагыңарды тыгып, бүтөп салган!

Рим. 8-8, 5; Як. 4-4; 1Иоан. 2-15; Асмандан Түшкөн Китеп: 2-20, 9; 3-1, 9, 16, 17, 18; 17-2; 18-3, 23, 24; 9-20, 21; 19-2; 13-8; 11-15. Ис. 1-10...16; 6-9, 10. Иер. 7-22...26; 25-4.

Анда, укпасаңар, укпагыла, Армагеддондо (Кыйаамат Кайымда) угасыңар!

Асмандан Түшкөн Китеп: 22-11; 16-16. Аминь.

**ЕГОВА жиберген Бүткүлдүйнөгө Жарык (Нур).**

Илия.